| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**<br>**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**<br>Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 2-27-23, 4-82-82) | | **МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**<br>**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**<br>г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 2-27-23, 4-82-82) |

«____ » ________ 2021-жыл. чыг. № 32/3-

________

**Кыргыз Республикасынын**
**ИИМдин**
**Тергөө кызматынын**
**начальнигинин**
**орун басары**
**милициянын полковниги**
**Н. Эшимкан уулуна**

# АТАЙЫН МААЛЫМАТ

(Ош ШИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн МЭЖна №02-091-2021-002743 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 10-июль күнү, Кыргыз Республикасынын шайлоо өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын ыкчам чара көрүүчү тобу Ош шаарынын Мамажанов көчөсүндө №5560 участкасынын мүчөлөрү мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын үйлөрүнө барып шайлатып жүргөн учурда, алардын артынан "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынын талапкери 1983-жылы туулган Жоошбаева Роза Каныбековна бюллетень салуучу урнанын артынан ээрчип жүргөндүгү боюнча маалымат берген.

Аталган маалымат, 2021-жылдын 10-июль күнү, саат 17:26 минутада Ош ШИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн маалымат электрондук журналына №02-091-2021-002743 саны менен катталган.

Бул факты боюнча Ош ШИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн документтештирүү тобу окуя болгон жерге, тактап айтканда Ош шаарынын Киев көчөсүндө орун алган №5560 шайлоо участкасына барып, Ош облусунун Кара-Суу районунун Нариман айыл округунун Нарматов көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын ишенимдүү өкүлү [redacted]-ж.т. [redacted] түшүнүк кат алганда, ал өз түшүнүгүндө "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынын талапкери [redacted]-ж.т. [redacted] мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын үйлөрүнө барып шайлатып жүргөндө бюллетень салуучу урнанын артынан ээрчип жүргөндүгүн көрсөткөн.

Ал эми "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынын талапкери [redacted]-ж.т. [redacted] өз түшүнүк катында 2021-жылдын 10-июль күнү мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочуларга комиссия мүчөлөрүнүн артынан өз партиясынын байкоочусу Айжамал кечигип калгандыктан өзүнүн жеке автоунаасында жеткирип койгондугун билдирген.

Текшерүү жүрүшүндө, Ош шаарынын Киев көчөсүндө орун алган №5560 шайлоо участкасынын комиссия мүчөлөрү [redacted] ж.т. [redacted]

[redacted] жана [redacted] өз түшүнүк катында кандайдыр бир саясий партиянын талапкерлери жана өкүлдөрү тарабынан шайлоонун жүрүшүндө эч кандай мыйзам бузуулар болбогондугун билдиришкен.

Аталган факты боюнча топтолгон материалдар, 10.07.2021-жылы 3/2003 саны менен чыгышталып, [redacted] кыймыл аракетине Кыргыз Республикасынын БжКнин 42-беренесинин негизинде укуктук баа берүү үчүн Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясына жиберилген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милциянын полковниги
**А.Раимбердиев**